**Ош мамлекеттик университетинин Химия жана химиялык технологиялар кафедрасынын 2025-жылдын 2-сентябрында өткөрүлгөн кеңешменин № 2 иш кагазы**

Катышкандар:20

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2025-2026 окуу жылына саат эсебин пландаштыруу жана иш планды түзүү
2. Админ. кенештен келген маалымат менен таанышуу жана аткарууну пландоо
3. Ар түрдүү маселелер

Күн тартибиндеги маселелер боюнча химия жана химиялык технологиялар кафедрасынын башчысы Гаффарова Хилола Икрамовна тааныштырды. Каралуучу 1-маселе боюнча жалпы күзгү семестрде болжолдуу 2400 саат пландаштырылды. 2-күн тартибиндеги маселеде контракт боюнча 1-курстар 50%, ал эми 2-курстан жогоркулар 25% контрактык төлөм аткаруу керектиги айтылды. Сырттан окуу бөлүмүндөгү адистерге окуу жүктөмдү пландаштырууда МООС системасы менен таанышы бар окутуучуларга гана окуу жүктөмү жүктөлөт. Лекциялар илимдин кандитаттарына берилип өтүлсүн. Тандоо курстары заманбап сабактар кирилсин. Уңгу жолго багыттоо керектигин билдирди.

Ар түрдүү маселелер :

Эмгек тартиби катуу көзөмөлдөнөт. Сааттар жетишсиз болуп, ашыкча сааттарды кетирүүгө туура келип жатат. Окутуучулардын баарына 1 ставка берилүүсү жана совместителдердин санын кыскартуу керек.

Сабактардын сапатын текшерүү маанилүү. Окутуучулар сабак өтүүдө өз милдетин так аткарышы зарыл. Сабактын катышуусу, УМК, презентациялардын болушу, сабактын мазмуну каралат. Орусча акцент жана монотондук кыскартылышы керек.

Саат эсебин пландаштырууда алгач лекцияларды, магистратуралык дисциплиналарды илимдин доктору, кандидаты, PhDлерге бөлүштүрүү, ашып кеткен учурда гана улук окутуучуларга жүктөө сунушталды.

Ошондой эле кафедранын доценти Сапаров Кубаныч Кармышаковичтин ден-соолугуна байланыштуу К.Сапаровдун сааттарын талкууга коюп кафедра мүчөлөрүнө сөз берди.

Кафедрадагы 02.00.01 - органикалык эмес химия адистиги боюнча аспиранты Жумаева Айчуроктун отчетун угуу

Сөзгө чыккандар:

**М.Д.Абдуллаева** – Кесиптешибиз К.Сапаровго жардам берели. Кубаныч агай боюнча жакшы жетишкендиктерди атап айтты. Сабактарын бөлүшүп окутуп туралы деп сунуштады. Ошондой эле кафедранын ишине ийгилик каалады.

**А.Сүйүнбекова** – кафедра жөнүндө каалоолорун айтты. К.Сапаровго ден-соолук каалады.

**И.Полотов.** – кафедрада жүрүп келген иштер боюнча кеңири айтты. Университетте окутуучулар мыкты жетишкендиктерге жетишти. Жаны кафедра башчысына ийгилик каалады. Ошондой эле К.Сапаров саатын алып ден-соолгуна байланыштуу крап иштей берсин. Кафедра башчы өзү жооп берип, милдетин алат.

**Б.Кенешов** – окуунун сапатын жакшырталы. Практикалык сабактарга көңүл бурушубуз керек. Материалдык базаны жакшыртыбыз керек. Химиялык реактивдерди чыңдашыбыз керек. Тандоо курстарын жакшы караш керек. Магистратура, ХЭК боюнчав. Кубаныч жакшы кадр, абалына карап сабак берилсин.

**Муратов А-** Кафедрага ийгиликтерди каалады.

Кафедра башчы Х.И.Гаффарова – Жалпы К. Сапаров боюнча абалын түшүндүрүп саат кайсыл айдан берилерин айтты.

Кафедра башчы **Х.И.Гаффарова -** аспирант А.Т.Жумаева бир жылга пландаштырылган илимий-изилдөө иши толугу менен аткарганын баяндады.
**М.Д. Абдуллаева, Б.Кенешов, А.Суйунбековалар** чыгып соз сүйлошүп, Жумаева Айчүрөктүн отчетун ОшМУнун илим жана аспирантура бөлүмүндө кароого сунушташты жана кафедра мүчөлөрү бир добуштан чечим кабыл алышты.

ТОКТОМ:

1. 2025-2026 окуу жылына саат эсебин пландаштыруу жана иш планды түзүү тездетилсин.

2. Эмгек тартибин катуу көзөмөлдөө: сааттардын жетишсиздигинен улам ашыкча сааттарды кетирүүгө жол берилбесин. Бардык окутуучулар 1 ставка боюнча иштеши керек. Совместителдерди азайтып, сабак өтпөй туруп отурган окутуучулар жокко чыгарылсын.

3. Штаттык жадыбал толук толтурулуп, айдын аягына чейин тапшырылсын. Кафедрадан которулууга жана саат албай жаткан совместителдерге байланыштуу арыздар тез арада aidoc аркылуу жиберилип, тиешелүү буйруктар чыгарылсын. Кафедрадагы кадрлардын курамы такталсын.

4. Сабактын сапатын жана окутууну көзөмөлдөө: сабактардын сапаты текшерилип, катышуу, УМКлардын болушу, презентациялардын даярдыгы каралып, сабак өтүүнүн 1-парага коюлушу жана окутуучулардын милдеттенмелери күчөтүлсүн.

5. Саат эсебин пландаштырууда лекцияларды, магистратуралык дисциплиналарды илимдин доктору, кандидаты, PhDлерге биринчи кезекте бөлүштүрүү. Эгер ашып кетсе, гана улук окутуучуларга, окутуучуларга бөлүштүрүлсүн.

6. Сырттан окуу бөлүмүнө компьютерди түшүнгөн, прокторингди туура жасай турган окутуучуларга саат бөлүнсүн.

7. К.Сапаровдун  ден-соолугуна байланыштуу сабактарын, кафедра башчы өзү карап чыгуу жагы милдеттендирилсин.

8. Химия жана химиялык технологиялар кафедрасынын аспиранты Жумаева Айчүрөктүн илимий-изилдөө иши талапка ылайык аткарылган деп табылсын жана Ош Мамлекеттик Университетинин илим жана аспирантура бөлүмүндө каралууга сунушталсын.

Кеңешме төрайымы: _______ Гаффарова Хилола Икрамовна

Катчы: _______